Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейи

# “МАНАС” үчилтигинде айымдардын алган орду.

Мугалим: Жолочу кызы Нурзат.

Сканировано с CamScanner

Сабактын темасы: “Манас” үчилтигинде айымдардын алган орду.

Сабактын максаты

1.Билим берүүчүлүк:

Окуучулар эпостордогу айымдардын акылмандыгын,адептүүлүгүн,кереметтүү касиеттерин,эли-жерине болгон сүйүүсүн,балага болгон мээримин жана алардын баатырдык образын анализ берүү менен тереңдетип түшүнө алышат.

2.Өнүктүрүүчүлүк:

Окуучулар өз алдынча эпос боюнча ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө,сүйлөө речин кеңейтүүгө, эпос боюнча изденүүгө, талдоого үйрөнүү менен алган билимдерин терендетишет.

3.Тарбия берүүчүлүк:

Өз элин-жерин сүйүүгө, Ата Журтун сыйлоого,эне баркын билүүгө,адептүүлүккө,ыймандуулукка тарбияланышат.

Сабактын тиби: Алган билимдерин жыйынтыктоо,бышыктоо.

Сабактын түрү : Топтор менен иштөө.

Сабактын жабдылышы: Түстүү сүрөттө,буклеттер, Манастын ата-бабасы боюнча спнжыра.

Сабакта колдонуулучу ыкма: аралаш ыкма,суроо-жооп ыкма.

Сабак аралык байланыш:адеп, сүрөт,тарых,кыргыз тили музыка

Сабактын жүрүшү: уюштуруу, окуучулар менен биргелешип суроолорго жооп алуу, суроолорду схема боюнча талкуулоо, макал-лакаптардын маанисин чечмелеп,эпостон мисал келтирип анализдөө, айымдарга тиешелүү накыл сөздөрдү таап,аларды чечмелөө, айымдардын сүрөттөлүшүнөн көркөм айтуу.

Сабак алдындагы жагымдуу маанай

Акылдын сыры .

Акылмандан сабак алып аткан окуучу:

- Мынча акылга кайдан,кантип ээ болгонсуз?

- Туура чечимдин аркасынан.

- Туура чечим экенин кайдан билдиңиз ?

Сканировано с CamScanner

- Тажрыйбамдан улам.

- А тажрыйбаны кантип топтодуңуз?

- Акылсыз чечимдин натыйжасынан.

Ар бир ийгиликсиз бүткөн иш тажрыйба берет.Акыл болсо алардын түшүмү.

Сабактын жүрүшү: “Манас” эпосун окуп үйрөнүү менен эпостун ички маани- мазмунуна сүңгүп кирсек, анда улуу нарк,улуу элдик педагогика, эрдик, сулуулук, достук, элдин тарыхы, дини, салты, сөз берметтери,ыйман, намыс ушунун баарына өзүнө камтып турат.

“Манас” эпосу – кыргыз элине жок болуп кетүүдөн сактаган,бар болуп жашоого үйрөткөн,кыйынчылыктарды жеңип чыгууга такшалткан Улуу сабак.

Мындай баа “ Манас” эпосун көтөрө чалгандык эмес. “ Манас” байыркыны, бүгүнкүнү, эртеңкини бириктирип турган бүтүндүк. “Манас” эпосун жогору баалап А Акаев мындай дейт:” жер үстүндө кыргыз барда,адамзат жашап турганда “Манастын ыры да, сыры да бүтпөйт “,-деген.

Демек канчалык Манасты окусак да бүтпөс сабак. Эпосто бардык жашоо-турмушту берүү менен бирге аялдардын бардык тараптарын ачык айкын айгинелеп көрсөтөт. Ошол себептен бүгүнкү сабакта “Манас” үчилтигиндеги айымдардын алган ордун чечмелеп, топтор менен иштеп, анализдеп беребиз.

1.Окуучулар үч топко бөлүнүшүп,эпостогу айымдардын образдарын өз алдынча талдап беришет.

1-топ Каныкейдин образын схема боюнча талдашат.

2-топ Айчүрөктүн образын анализдешет.

3-топ Куялы, Кыз Сайкалды салыштырып далилдешет.

Схема боюнча анализдеп чыгышкандан кийин айымдардын иш аракеттерин, күч-кайраты жана кайсы учурда алсыз акыбалга келгенин айтып беришет.

2. Аялдардын физиолгиялык, психологиялык, өзгөчөлүктөрүнө карап, кандай сапаттарга ээ экенин байкап айтып бергиле

Күч- кайраты:

1. Жоопкерчилик, камкордукук.
2. Чечкиндүүлүк, эрктүүлүк, камкордук.
3. Кең пейилдүүлүк, сулуулук.

Сканировано с CamScanner

4. Адептүүлүк, эл-жерине болгон сүйүү.

5. Акылдуулук, ыймандуулук, дарыгер.

6. Жароокерлик, иш билгилик,сарамжал.

7. Уздук, мээримдүүлүк, баатырдык.

Аргасыздыгы:

1. Согуш учурунда аялдар көп кор болушкан.
2. Олжого кетет,күң болушат.
3. Азаптарды көрүшөт.
4. Үй мүлкүнөн ажырайт.
5. Балдарынан, күйөөлөрүнөн ажырайт.
6. Колдорунан бийлик кетет.
7. Башка эл аларды баркташпайт.

3.Жалпы суроо,билгендер жооп беришет.

Дүйнө жүзүндөгү тарыхта из калтырган кандай айымдарды билесиңер?

Жообу:

1.Нефертити (байыркы египеттик сулуу)- б.з.ч. 14к башындагы Египет канышасы.

2. Томирис- б.з.ч. 6-5- кылым массагет(сак) канышасы.

3. Клеопатра – Египеттин канышасы.

4. Жанна Д Арк –Франциянын Элдик баатыры.

5. Екатерина 2-Роосиянын императору.

6. Индира Ганди – Индиянын премьер-министри

7. Беназир Бухутто- Пакистандын премьер-министри

8. Кыргыз элинин тарыхына таандык- Курманжан датка. Алай канышасы.

Макал лакаптарын маанисин чечмелеп, эпостон мисал келтиришет.

1.”Баарынан да жок жаман, досуңдан тийген ок жаман “

2.” Отко күл болбойт,олжого түшсө күң болбойтю”

3. “Биримдик деген улуу күч, бет алып келбейт бүлдүргүч.”

Мугалимдин сөзү:

“Манас”, “Семетей”, “Сейтек” эпосторунда айымдардын алган орду өтө чоң. Мында катышкан айымдар Чыйырды, Каныкей, Бакдөөлөт,

Сканировано с CamScanner

Алмамбеттин энеси Алтынай, Арууке, Кыз Сайкал, Айчүрөк, Куялы, Күлчоронун аялы- Акбала,Сейтектин аялы- Акбермет. Үч эпосто тең өзгөчө орун берилген каарман айым Каныкейдин турпатына кыргыз аялдарындагы ак ниеттүүлүк,каклыстык, өмүрлүк жолдошуна берилгендик,элди жерди сүйүү, душманды, кара ниеттикти жектөө өңдүү мыкты сапаттардын бардыгы чогултулган. Адам коомунун өнүгүшүндө аялдар эбегейсиз зор күч экендигин коомдук иштин баарында аялдар эркектердин жардамчысы болуп келгенин Каныкейдин сапатынан көрөбүз.

Каныкей –кыраакы, жөн билги, акылман,колунан көөр төгүлгөн уз аял. Манаска жана анын чenglisholoruna согуштук кийим-кечек, түгөнбөс гүлазыктын баарын Каныкей камдаган. Согушка аттанган баатырларды кайраттуулукка, биримдиктүүлүккө үндөп, Манастын жеңиштерине, анын кадыр-баркынын көтөрүлүшүнө себепчи болгон да Каныкей.

Ал эми 2-бөлүгүндө Айчүрөктүн аткарган иши опол тоого барбар. Айчүрөктүн, Каныкейдин энелик мээримдеринин жарыгы өз үй-бүлөсүнө гана эмес, бүтүндөй бир журтка тиет. Алар акылман, эр, көрөгөч, дарыгер,сарамжал, улуттук нарк-насилдин ээси, билгич, улуу педагог, үйдүн куту.

Эпосто баатырлардын ичинен Куялы, Кыз Сайкал бул баатыр кыздар өздөрүнүн эли- жерин сырткы душмандардан бекем коргоп турган. Баатыр кыздар достукту бекем сактаган, шертке бекем турган айымдар. Биз эпостогу айымдардын эмгектерин жогору баалоо менен өз турмушубузда ушулардай акылман, чебер, уз, эл билги болуп тарбияланышыбыз керек.

Сабакты жыйынтыктоо үчүн суроолор:

1. Каныкейдин сүрөттөлүшүн айтып бергиле?
2. Каныкейдин өз аты ким, эмне себептен Каныкей аталды?
3. Кыз Сайкал кимдин акыреттик жары? Ал эми Куялычы?
4. Айчүрөктүн шерттешкен досу ким?

Үйгө тапшырма: Өз алдыңарча :" Манас" эпосунун 1-2-томдорун окуп чыккыла.Алмамбеттин, Күлчоронун образын окуп келгиле.

Сканировано с CamScanner